Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин предметтик декаданы өткөрүү жөнүндө

**жобо**

1. Жобонун негизги мазмуну.

1.1 Педагогикалык жамаатта үч усулдук бирикме иштейт.
1.Гуманитардык илимдер усулдук бирикмеси
2.Табигый илимдер усулдук бирикмеси
3.Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси
Ар бир окуу жылында жылдык иш план түзүшүп, иш пландын негизинде предметтик ийримдер, жумалыктар график боюнча өткөрүлүп турат.

1.2 Предметтик декаданын максаты:
-Мугалим илимий-методикалык иштерди пландаштыруунун, окуучу-тарбиялануучулардын таанып-билүүчүлүк жана чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу.
-Окутуу-тарбиялоо процессинде мугалим усулдук технологияны колдонууга жардам көрсөтүү. Ишти өздөштүрүүнүн жолун ачуу.

1.3 Предметтик декаданыны милдеттери:
-Ачык сабактарды, ачык тарбиялык класстык сааттарды, класстан тышкаркы иш чараларды даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү аркылуу мугалим чеберчилигин өркүндөтүү;
-Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу, алардын окутуп жаткан предметтерге карата кызыгуусун арттыруу;
-Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү жогору турган, предметтерге өзгөчө кызыгуу менен мамиле кылган окуучуларды табуу;
-Илим, техника көркөм чыгармачылык жаатында окуучуларды өнүктүрүү жана алардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн педагогикалык технологияларды калыптандыруу.

2. Предметтик декаданы уюштуруу жана өткөрүү тартиби.

2.1 Предметтик декада мектептин окуу-тарбия иштери боюнча жалпы иш планын негизинде өткөрүлөт;

2.2 Өткөрүлгөн иш чаралар предметтик декаданын максатына жана тематикасына дал келүүгө тийиш;

2.3 Предметтик дакадалар окуу бөлүм башчысы тарабынан уюштурулат;

2.4 Предметтик декадаларга катышуучулар:
-Баардык предметтик мугалимдер;
-графиктин негизинде предметтик мугалимдер өтөт;
-класс жетекчилер, окуучулар;

2.5 Предметтик декаданын алкагында төмөндөгү иш чараларды өткөрүүгө болот.
-предметтер боюнча традициялык эмес сабактар;
-класстан тышкаркы иш-чаралар;
-жалпы мектептик иш-чаралыр;
-коллективдүү чыгармачылык иштер.